
Кырг
С 90

АКЫЛАЙ СУРАНЧИЕВА



# ТАМЧЫ

АКЫЛАЙ СУРАНЧИЕВА

# ТАМЧЫ

*(ЫРЛАР)*

Бишкек - 2013

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**
**С 90**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы М. Р. Назарбековдун жалпы редакциясы астында чыгарылды.

**С 90** Тамчы: Ырлар. – Б.: 2013. – 48 б.

**ISBN 978-9967-457-24-9**

Жаш автор Акылай Суранчиеванын бул алгачкы ырлар жыйнагына жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген лирикалык маанайдагы жана ар кыл темадагы ой-чабыттарын чагылдырган ырлары топтоштурулду. “Нурборбор” Эл аралык чыгармачылык академиясы тарабынан тандалып алынып, талкуулангандан кийинки сунушу менен жарыкка чыгарылды.

**С 4702300200-13**

**УДК 821.51**

**ББК 84 Ки 7-5**

**ISBN 978-9967-457-24-9**

© Суранчиева А., 2013

## Мончок ыр

Жибин эшип сөз берметин тизейин,
Чыйралды жип, жанбасынчы чыйыры.
Уучтай кармап этегиме үзөйүн,
Мончок ырдын сезилбесе ыйыгы.

Кайра баштан эринбестен тизейин,
Көркү сулуу, кереметтүү көрүнсүн.
Ыр ааламдын алкымына илейин,
Баары жакшы тизилиптир делинсин.

Жасалгасы кооз болсо ырымдын,
Тамшандырган такылдакты жаратаар.
Шуру мончок көркүн ачса кылымдын,
Акындыктын атын алсам жарашаар.

## Ырларыма

Кытыгылап эргүү келет табыма,
Тизилишип ырларымдын саптары.
Мени, мени жаратчы- деп жабыла,
Жан дүйнөмдү ыр мазмуну каптады.

Барактарга жүрөм жазып ырларды,
Андай барак бариктердей үйүлөт.
Эринимде жаралса ыр ыргагы,
Сол ыптамда туйлайт кызыл түйүм эт.

Отурамын барак, калем ынагым,
Ыр мазмуну каным менен жүгүрөт.
Күлүк салып арыштаган ыргагын,
Таптап жазам, тапталбаса күйүгөт.

Кел ырларым, тизилгиле ыраатуу,
Силер менен турмуш белин ашайын.
Махабаттын тарыхынан кыраатуу,
Эстеткиле, эске тутуп жазайын.

Барагыма калемим ыр токусун,
Сызыктарын сыя менен басайын.
Сүйүүдөгү бактысыз кыз окусун,
Бакыт кушу кончу күнүн жазайын.

Анан дагы аруу тилек телчисин,
Ал ырларды жигит алып окусун.
Тагдырында таппай жүргөн селкисин,
Кайчы өтпөй тапсын ушу жолкусун.

## Ат-Башы

Өткөн кылым, өткөн жылдар биринде.
Ат-Башынын жайлоосунун төрүндө.
Чон той өтмөк, улак тартыш, ат чабыш.
Жамбы атылып, оюн болуп түрүлө.

Тойго жигит таптап тулпар ашыгып.
Аса байлап далай таңды ашырып.
Күлүгүнүн таптоосун эч жаздырбай.
Жал куйругун тарап, жаттан жашырып.

Аргымагын ташыркатпай таптады.
Күндөр күнду жетелеп тоо аттады.
Той болуучу күн да келди жакындап.
Жигит камчы сабын жаңы саптады.

Ат чабышта күлүк күчүн билгени.
Уу-дуу түшүп эл-журт сүрөп киргени.
Үзөнгүлөр чандырларга тийгенде.
Ат дүбүртү бир учурда дүрр деди.

Ооздук бошоп, бүт аргымак шашылат.
Ат оозунан ак көбүгү чачылат.
Аба жиреп кең таноолор дердейип.
Жал куйрукту күлүк шамал качырат.
Ар намысты аргымак да туябы.

Кан удургуйт, чуркайт күлүк туягы.
Күлүктөрдөн күлүк кетти закымдап.
Таптоолору жарашкандай сыягы.

Сүрөөн үнү ышкырыктар жаңырып.
Калпактары кээде жерге чабылып.
Кыз-келиндер ыктап бири-бирине.
Шыңгыр күлкү, шыбыр кээде агылып.

Эр күлүгү топтон чыкты, турабы.
Арыш чапчыйт жапырылган кулагы.
Мына! Мына! Марага жетээринде.
Мүдүрүлдү күлүк жерге кулады.

Аалам жери аңтарылды бир замат.
Алтын туяк тулпар үнсүз кумсарат.
Камбар ата тукумунан чыгып жан.
Аргымагын жоктоп жигит сумсаят.

Кыйчалыш кез журт калыңы турабы.
Эр жигиттен тулпар башын сурады.
Жылкы башын канжар мизи кести шарт.
Жеңсе бөтөн намысты эп жулаары.

Күлүк башын жигит кесип алыптыр.
Чылбыр, жүгөн чечпей колдо калыптыр.
Аттын башы чектеп койгон марага.
Тулпарлардан озуп мурда барыптыр.

Жеңиш үнү жаңырып барган экен.
Жигит колго намысты алган экен.
Тойго күбө элдерден аңыз тарап,
«Ат-Башы» аталышы калган экен.

## Теңирге кайрылуу

Берчи Теңир мага бөбөк алакан,
Мээримиме эркелетип багайын.
Тилек кылып тилеп турам жанатан,
Эне көчүн мен да улап барайын.

Балапан түк чачын искеп жыттайын,
Белек кылчы майда баскан кадамын.
Уйку бузам, эне көчүн бузбайын,
Таянаар тоом кылып берчи караанын.

Ак бешике жылаажын үн куюлтуп,
Умай эне кел үйүмө дейинчи.
Таң агартып жылдыздарды суюлтуп,
Балам чыргоо, ыйлаак болсо мейличи.

Аялзат деп бериптирсиң көкүрөк,
Сүтүн ийбей, арман агып тынбасын.
Берчи бөбөк, берчи бөбөк көкүлдөн,
Колду сунам, эми шагым сынбасын.

## Өмүрлөшкө

Өзүңдө менин тагдырым,
Өкчөөгө салсаң чыдайын.
Өмүрдүн бийик кадырын,
Өлчөөсүз берсе кудайым.

Өргөөңө өргүп өмүрүм,
Өбүлүп эрдиң мойнумда.
Өзүңдү самап көңүлүм,
Өрүлсө денем койнуңда.

Өзөгү өрттөп күйүттүн,
Өмүргө арман толбосо.
Өзүңдү, мени сүйүнтүп,
Өргөөдө бала ойносо.

## Беш манжа

Тең эмес беш кол, тең эмес экен дебегин,
Муштумду түйүп, манжаны өзүң теңегин.
Манжалар менен жашоонун турмуш агымын,
Түшүн- деп келет Теңирим бизге ченемин.

Баш бармак манжа баарына башчы аталып,
Башкарма болуп май курсак байлап жасанып.
Боюна кетпей, жоонуна кетип жегени,
Балпая тартып семирген бармак, кашайып.

Сөөмөйдү айтпа башкарма бармак аялы,
Чуулгандар чыкса сырайып жөнөйт баягы.
Уруш, митинг болгондо, тойлор-тосттордо,
Башкарма эмес, чычаят анын аялы.

Ортончо манжа башкарма байдын баласы,
Атасын тартпай мүнөзүн токтоо карачы.
Жан үрөп турат жалпынын кылган ишине,
Жакшылап кирсе баарына жетет чамасы.

Баш бармак менен сөөмөйдүн болуп келини,
Аты жок манжа ортонсуз өтпөйт өмүрү.
Ар кандай шартта күйөөсү менен жанында,
Суйкайып турат, алдырбайт сырын төгүлүп.

Чыпалак деген аты жок, ортон баласы,
Чырылдап турат энесин тартып карачы.
Чоңойсо экен чоң ата кейпин кийбестен,
Чыр чыккан жерден, элдерге болуп арачы.

## Ала-Тоодон бир ирмем

Көк асмандан булут кыздар келишет,
Суу алышат, тоонун бетин өбүшөт.
Шыңкылдаган булак менен сырдашып,
Саамайларын тарап өрүм өрүшөт.

Булут селки ак жоолукту чалыптыр,
Чакасына суудан сузуп алыптыр.
Коюн жайган теңир тоолук жигитти,
Сүйгөн окшойт, туман каптап калыптыр.

Койчу жигит ал сүйүүгө ыр курап,
Тоо койнунда созолонто ышкырат.
Ырда мырзам, мен жаныңда дегенсип,
Отко койгон аргымагы бышкырат…

## Соолуган гүлдөр

Соолуган гүлдөр, сөңгөктөр куурап катыптыр,
Бир тутам сабак, кумура толо батыптыр.
Идиште көркөм, куюлган кочуш суу кургап,
Татына гүлдөр күбүлүп түшүп жатыптыр.

Жаз алды менен баягы гүлдөр жасанып,
Таранып желге шүүдүрүм жууса жашарып.
Жыпары аңкып эчендин сугун алгандыр,
Үзгөндө манжа, тамгандыр гүлдөн жаш агып.

Ошондо сени, кандай көз карап сатты экен,
Кандай кол үздү, канча күн карап бакты экен.
Жашоонду байлап кичине куту идишке,
Ал пенде азыр нелерди ойлоп жатты экен.

Ким болду үзгөн, карылуу билек жигитпи,
Таарынса селки гүлдөрдү сунуп жибитти.

А балким, сулуу селки жан өзү үзгөндүр,
Мырзасын күтүп, соолурун гүлдүн билиппи.

Күтүшсүн мейли кыз-жигит бирин сагына,
Сунбасын колун гүлдөрдүн назик талына.
Гүлдөсүн шаарлар, боз тарткан адыр, талаалар,
Үзбөстөн гүлдү жылынчы сүйүү табына.

Суу тамса өсөт, тоо-ташпы эч бир карабайт,
Ылайда деле кулпурат, кир деп санабайт.
Теңирим берген гүлдөрдө жашоо мээрими,
Суранам үзбө, соолутсаң гүлдү жарабайт.

## Келиндин арманы

Менден арак алып барат ардагымды,
Мага берген жараткандын арманыбы.
Же жолдошум мени сүйбөй аны сүйүп,
Жүрөгүмдүн толтосун как жарганыбы.

Бир төшөктө, биз үчөөбүз баш катабыз,
Мен, жолдошум, анан арак башташабыз.
Таза абаны арактын жыты жарат,
Эртеси эле үчөөбүз баш жазабыз.

Жолдошумдун «ичпейм» деген сөзүн алам,
Жөнөтөмүн жумушуна өзүм калам.
Күн жашынып, жер карайып кеч киргенде,
Мен кайрадан экөөнү тең тосуп алам...

## Айдагы кызга

Тээ илгери, замандын өткөн доорунда,
Жетимдиктин артылып жүгү мойнунда.
Сен жашапсың Айдагы аппак сулуу кыз,
Энең уктап түбөлүк жердин койнунда.

Эненин өгөй заарын далай угупсуң,
Ур-токмогу жөнүндө ойлоп курупсуң.
Күн чыккандан киргенче иңир иш кылып,
Көз жашың менен балалык күндү жуупсуң.

Мына ошондой тозоктуу күндүн биринде,
Кыштын кыраан ызгаары ойноп түнүндө.
Өгөйлүк менен өгөй энең өч алып,
Жумшады сууга, агымы катуу иримге.

Тайгакка кулап, бетиң-колуң жарылып,
Ак жүзүңө көзүңдүн жашы сарыгып.
Жыртык кийим күнөөлү сезип өздөрүн,
Күткөнсүйт жазды, суу чокоюң зарыгып.

Азабыңды толгон Ай көктөн көрүптүр,
Кылгыртып көз жаш жылдыздар да төгүптүр.
Төгүлгөн жашты кыштын ызгаар чилдеси,
Аппак карга айлантып, жерге себиптир.

Шооласы менен Ай жүзүңдөн өбүптүр,
Чекеңдең сылап сага мээрим төгүптүр.
Саманчынын жолунан чыйыр жол төшөп,
Бооруна алып, чачыңды сылап өрүптүр.

Ошондон бери жашайсың Айдын койнунда,
Аңыз тарап, айтылды жомок соңунда.
Азыр да бирок каарын төгөт өгөйлөр,
Дале жашайт жетимдер жердин боорунда.

Айдагы кыз, бир ирет жерге өргүчү,
Жетимдерди көздөрүң сенин көрсүнчү.
Өзүңө окшоп өгөйдүн заарын укпасын,
Алып кетчи, алар да Айда өссүнчү.

## Сагыныч

Бир тууганым билбейм кандай абалың,
Көз алдымда сүйкүм элес жамалың.
Карындашың күн алдында кадамдайт,
Жер алдында жашап калган карааның.

Агатайым төркүнүмсүң, турагым,
Карааныңдан кагылбадым, чырагым.
Боздоп ыйлап топурагың жыттаймын,
Жогуң туям, бирок издеп турамын.

## Сыр каткан дептер

Сыр каткан дептер, сыртыңды салбай сырың ач,
Оо дүйнө кеткен агамдын көргөн күнүн ач.
Сырыңды катпа сыяга толгон барактар,
Байкемдин соолгон өмүрү менен гүлүн ач.

Сага не жазган ыр барак, айтчы жашырбай,
Дагы не каткан үндөсүн ырлар жашынбай.
Айтсынчы дагы агамдын сырдуу дептери,
Чалыптыр кырсык жыйырма беш жашты ашырбай.

А балким, агам сезимдин сырын каткандыр,
Селкисин күтүп жүрөгү сүйүү баккандыр.
Шум ажал келип алдынан тооруп турганда,
Кайтаарын сезип ырларын сага жазгандыр.

Сыр каткан дептер, менден сен бир топ улуусуң,
Бербесин Теңир ажалдын уусун, курусун.
Тилеймин сага байкемдин сырдуу дептери,
Текчемде дайым ырларың менен турушуң.

## Жаңы жыл

Эски жыл кеттиң колуңду булгап, алыстап,
Кезинде жалаң жакшыны бердиң калыстап.
Эскирдиң эми жаңыга бергин ордуңду,
Булгалап колду узагын бизден арыштап.

Суранам сенден эски жыл ташта адалды,
Оозун бек буугун кабыңа салып арамды.
Жакшылык тойдон уютку арбын таштагын,
Ала кет кошо зилзала менен ажалды.

Келсе экен жылым таалайга толгон кап менен,
Чачсынчы бизге бакубат жашоо бак кенен.
Баласыз үйгө жетелей келчи баланды.
Бөбөктөр жатчу бешиктен алтын так белен.

Жаңырган жылым берсинчи элдин батасын,
Душмандар менен каргыштар алсын жазасын.
Береке чачып бардарлык жашоо келе көр,
Жаңырды жылым, бүт дүйнө жакшы жашасын!

## Мекеним

Үч кыл комуз күүсүнө муюп денем,
Мекенимен ырыскы үзүп жегем.
Канат байлап бийиктеп учсам деле,
Жер эненин мээримин туюп келем.

Жаралыпмын кыз болуп өкүнөмүн,
Мекен үчүн тосо албадым көкүрөгүм.
Эл-жер үчүн көөдөнүн тосуп алчу,
Теңир мага уул берчи өтүнөмүн.

Жер энекем көйнөгүн алса тытып,
Жамаганга тамырым болсун учук.
Ала-Тоом, ачык күнүң оорубасын,
Көк асманды айланып бүркүт учуп.

## Ат-Башым

Алма, өрүк бышпайт экен дешсе да,
Жашоого оор шартын катаал сезсе да.
Шыбак жыттуу шамалыңдан айланам,
Кетпейм, кетпейм үшүк уруп кетсе да.

Коон жебей ышкын жеген уруубуз,
Карагат көз, тамылжыган кызыл жүз.
Ыйманы мол Ат-Башынын кыздары,
Эндиги жок таптатына сулуубуз.

Уландары тоону жарган жанардай,
Аргымагын атырылтат шамаалдай.
Кары сөзүн капка салып эр жетет,
Шайдооттугу кайкып учкан жагалмай.

Туулган жерим тулаңыңа жаным бир,
Төгүлбөсүн булагыңа арам кир.
Чоң калаада кызың жүрөт сагынып,
Кубат алып, сени тутуп ыйык пир.

## Ашыккан кыялдар

Алып учуп ашыгасың кыялым,
Ноктосу жок кантип сени тыямын.
Оюн салган ай кашкалуу кулундай,
Кере чапчыйт ой кырларын туягың.

Оздугуңду коё берем шашпагын,
Тизгин булкуп мени ала качпагын.
Ар нерсенин келет, учур убагы,
Ашыкпастан сен өзүңдү таптагын.

Жашыл жайлоо отун оттоп күчкө тол,
Табың толуп жалды серпкен тулпар бол.
Аалам чапчып алдуу болсун туягың,
Ташыркаба, бизди күтөт таштак жол.

## Тамчы

Деңизди тамчылар кураарын,
Дайраны тамчылар улаарын.
Билсем да сүйүүнү сезбепмин,
Жүрөккө тамчылап тураарын.

Бүгүн мен тамчыга карызмын,
Себеби сүйүүмдү тамыздым.
Тагдырдын идиши төгүлүп,
Тамчыдай көз жашты агыздым.

Ырларым сыяга жуурулуп,
Ыйладым тамагым буулугуп.
Тамчылар тазартчы багытты,
Чыгайын кусадан сууурулуп.

## Кайрылуу

Замандашым айткын ката кетирсем,
Жокчулукта бардар болуп эсирсем.
Билип, билбей тирүүлүктө көп жасап,
Күнөө кылсам, оо Теңирим, кечирсең.

Сапарлашым сен да бетке айткынын,
Сапарыбыз тетир болсо кайткынын.
Кадамдарым таза жолдо шилтенсин,
Кемчиликтин жашырбагын, айт чынын.

Катарлашым катар басчы демикпей,
Кечиргинин ката кетсе демитпей.
Опурулуп оройлукту толуктап,
Адал жүрөк адам санын кемитпей.

Намыс кармап узак жолдо басамын,
Колдоп койсоң далай ашуу ашамын.
Кыздар назик, коргогула жигиттер,
Ошол үчүн бир кайрылуу жасадым.

## Ыр дүйнө

Ыр дүйнөдө төрөлдүм, торолоормун,
Эргүү кылып ыр сабын чоңоёрмун.
Капталдап, эх шум ажал, каксаң мени,
Ак кепинди аргасыз ороноормун.

Карегим кагылбаса токтоп каны,
Кабагым жабылбаса кетип алы.
Ажалдын алкымыман алганы ошол,
А бирок ырларымдын болот жаны.

Мен өлсөм тоголок чым басат үстүм,
Эй ажал, баса албайсың ырдын үстүн.
Ыр дүйнө өкүмүңө башын ийбейт,
Колду сунба ырыма, үмүт үзгүн.

## Чач өрүү салты

Айылымда тойлор көп болоор эле,
Келин алган үйгө кут толоор эле.
Энемди ээрчип алып келин көрөм.
Жүгүнсө мага кызык болоор эле.

Көшөгөдө жеңени жандаар элек.
Ак жоолукчан ажары арбаар эле.
Сулуулугун суктанып караар элек,
Эркелетсе күйөөсү качаар эле.

Эртеси чач өрүүнү камдайт эле,
Ээрчип алып энемди калбайт элем.
«Чач өрүү» салтын жакшы билсем деле,
Кызык арткан ойлорум жандайт эле.

Өкүл эне шайланган болот эле,
Келиндин чачын тарап бөлөт эле.
Ырым кылып май сүйкөп экиге өрүп,
Учуна кебез байлап коёт эле.

Эки өрүмгө өрүлгөн чачы бекем,
Жубуңарды таптыңар дегени экен.
Өрүмдөрдү жаздырбас аппак кебез,
Ак жолтой бүлөө болсун дегени экен.

## Айдоочуга арзуу

Кан жолго карегиңиз илиниптир,
Кирпикти ирмебестен үңүлөсүз.
А кабак сүрүн салып биригиптир,
Кайдадыр сырдуу ойдун түбүндө сиз.

Башкарып темир тулпар колдоруңуз,
Калдайган кең далыңыз сыртын салат.
Мукамдуу ыргак обон койгонуңуз,
Кайдыгер дөөтүңүздө бир кыз барат.

Күзгүдөн жүзүңүздү кайтарамын,
Сүйүүнүн учкундарын издеп, санап.
Агатай сүйгөн көздү байкабадың,
Ой-санаа чуркайт менде жанын сабап.

Телмирем тээ күзгүдөн карек албай,
Арзуумду тагып коюп ууртума.
Сезбейсиз, карабайсыз бир өч бардай,
Баратам дөөтүңүздө улутуна.

## Жүрөгүм

Муштумдай кызыл этсиң кыбыраган,
Сол ыпта көкүрөгүн ургулаган.
Жамандык көрүп калса эки көзүм,
Кан удургуп толтоңдо тыбыраган.

Сайып өтсөм сүйүүнүн жебелерин,
Кансырадың, оорудуң, чебелендиң.
Махабаттын жолунан ташыркасам,
Кайраттуу болгунуң деп жемеледиң.

Сезимим капа болсо кайгы тарттың,
Сүйүүмдү катмарыңа бекем каттың.
Коюнумдан кубаныч кетсе ташып,
Сүйүнүчтөн дүкүлдөп согуп, кактың.

Чочусам тулкуң менен дирт этесиң,
Кыймылымдын кыбырын бүт сезесиң.
Жаман-жакшы баардыгын катам сага,
Теңир берген өмүргө сен тетесиң.

Токтоп калсаң жүрөгүм, ажал бөгөп,
Кан жүгүрбөй денемде жүлүн өлөт.
Жылдыз өчөт тунарып карегимде,
Токтой көрбө жүрөгүм, сүйүүм өлөт.

## Жетимдеги сагыныч

Энеке, мээримиңе зар жетиммин,
Күтүү күндөн запкы тартып жетилдим.
Карааныңдан карекке берип койчу,
Кагылайын күкүк энем, кечирдим.

Кандек коруп күчүктөрүн арс үрөт,
Мекиян да жөжөлөрүн тең сүйөт.
Энеке, мен эмнеге керексизмин,
Күчүк, жөжө болбогонго ич күйөт.

Балким сулуу жаштыгыңа эсирдиң,
Бакытыңды балталады кесилдиң.
Тарткандырсың опол тоодой арманды,
Азабын да ата сөрөй кесирдин.

Энек,е таш жүрөктү сүйдүң беле?
Карыныңды бөрсөйтүп түйдүң неге?
Толгоонун тозогунда жаның күйүп,
Төрөп таштап, сен кантип жүрдүң эле.



Нарын облустук
китепкана.
№ 57371 сбо

Бакыт кемин билдим эс толгонунда,
Шүгүр дейм тирүүлүктө болгонума.
Кызыл эт кезегимде алып салбай,
Рахмат төрөп таштап койгонуңа.

Окшоштурмун, жүзүңдү көрөйүнчү,
Таманында бейиш бар, өбөйүнчү.
Бал жытуу балалыгым жыттабадың,
Жытыңды бер, бир жыттап өлөйүнчү.

Мээримиң жок күн көргөм, дагы көрөм,
Үмүттүн суусун жутуп күтөм, өнөм.
Эне, келип маңдайым сылап койчу,
Күнөөңдү жууп, Меккеге барып келем.

## Калган көңүл

Ашыктыктын эшигин ургуладың,
Тартып алдым илгичти илмегинен.
Каалганы кенен ачып утурладым,
Үмүт жанды сүйүүңдүн киргенинен.

Бирок үмүт үшүдү жаны сыздап,
Өзүң келип жаккан от илебине.
Жалган сезим чоктору өчтү муздап,
Кишен салып үмүттүн билегине.

## Таттыбүбү

Кыргыздын сулуу кызы деп коюп катарга,
Сугарып Теңир жүзүңдү сулуу ажарга.
Кыргызда сулуу кынтыксыз пери болсун деп,
Ойлонсо керек куюлтуп келбет жасаарда.

Аргендей үнду оймоктой оозуң созоордо,
Татына жүзүң киного көркүң кошоордо.

Кызганып кайра ажалга берип теңирим,
Оо дүйнө кеттиң кырк жаштын кырын тосоордо.

Жаштыктан колун татына сулуу үзбөсүн,
Апапак жүзгө кат-каттап бырыш түшпөсүн,
Турнадай моюн карылык жакка бурулуп,
Картаюунун кайыгы каалгып сүзбөсүн.

Дегенсип Теңир маңдайга ченем жазгандыр,
Ажарың үчүн тирүүлүк эшик жапкандыр.
Жер эне сени бооруна алып энчилеп,
Кайгылуу ырды сага деп ырдап жаткандыр.

Бир бооруң жазган ак булут жакты аралап,
Ай эле эмес, арман да барат сабалап.
Ашыгың кеткен аркандан, сулуу, тосуп ал,
Ак Мөөрүн ырдап, Болотуң жүрөк жаралап.

Каректе сулуу ажарың чарчап арыбайт,
Сен үчүн эми, эч кимдин ичи тарыбайт.
Карыса дагы кылымдар карыйт көрөөрсүң,
Сулуулук сенде түбөлүк калат, карыбайт.

## Күндөр

Оор ойлорду көтөрүшүп кубарып,
Күндөр өттү кербендердей чубалып.
Чаңкагандан эриндери кеберсип,
Сүйүү суусуз каректери тунарып.

Толгон-токой максаттарды артынып,
Кадамдары артына из калтырып.
Күндөр өтөт махабатты издеген,
Үзбөй үмүт белди бекем тартынып.

Аска-зоону аралаган кийиктей,
Махабат да ал-ансайын бийиктей.
Оор жүктү жондон алып салбастан.
Күндөр өттү сүйүү дайнын билишпей.
Күндөр өтөт бүлбүл жанган биликтей...

## Конокмун

Баш каарманы болуп жашап жомоктун,
Бала күнгө конуп келген конокмун.
Баёо сезим, балапан кез баркталбай,
Балалыкты оюн салып короттум.

Оң кармаанын ойноп сүйүү жомоктун,
Оюн салган жаштык күнгө жолопмун.
Оту таптуу сезимдерге жылынбай,
Оолак туруп жылуулугун жоготтум.

Аппак сүйүү үйүндөгү коноктун,
Арзуусуна жүрөгүмдү оропмун.
Ашыктыктын бал ширесин шимирбей,
Арман күн ай, ардагымды жоготтум.

Катуумун деп темириндей болоттун,
Күч сынашып турмуш жолун торопмун.
Күчүм кетип, көңүл чөгүп бүгүлдүм,
Көрсө өзүм тирүүлүктөн коропмун.
Кап, аттиң ай, күн алдында конокмун...

## Төрт бир тууган

Төрт кызы бар "Мезгил" аттуу абышка,
Жашайт экен арабызда, жанып да.
Бойго жетип татынакай кыздары,
Айланчыктап "Жер" энесин багышта.

Эң улуусу жайдаңдаган «жаз» жүрөт,
Андан кийин эрке кызы «жай» күлөт.
Үчүнчүсү жүзү сепкил сары «күз»,
«Кыш» кичүүсү кыялы чорт каш түйөт.

«Жаз» сулуу кыз келип жерди киринтет,
Жашыл көйнөк тигип берип кийинтет.

Бүчүрлөрдү дарактарга жамайт да,
Келгин кушту кубандырып сүйүнтөт.

«Жай» селкиси кылыктанып ыр созот,
Күкүк, булбул обон салып үн кошот.
Жер жемиши толуп ташкан себетин,
Себип салып эл-жер менен коштошот.

Сепкили бар сары жүздүү «күз» келет,
Жайдын сепкен жемиштерин бүт терет.
Бак-дарактын чечип алып көйнөгүн,
Сиңдисине жуугунуң дейт – «кир демек».

Аппак жүздүү меңи да жок "кыш" кирет,
Ыр да созбойт, жылмайбастан суз жүрөт.
Эжекеси чечкен дарак көйнөгүн,
Шырғалаңга шапшыйт дагы жер сүрөт.

Мына ошентип дарак көйнөк эскирет,
Жаз эжеси жашыл бөздү кескилеп.
Бөбөгүнүн кылган кылык – жоругун,
Кечирет да көйнөк тигет, кеч кирет.

## Боз чымчык

Талга конуп боз чымчык не сайрадың?
Назик жүнүн жел желпиди айдарым.
Чырылдайсын ашыгынды күткөндөй,
Мендей болуп сүйдүн беле кайраным.

Боз чымчыгым жүрөгүңдөн сүйдүңбү,
Же, тирүүлүк жалганында жүрдүңбү.
Безеленип сайраганың мукамдуу,
Мага окшоп сүйүү жолдон күйдүңбү.

Үнүң менен жаз илебин гүлдөттүн,
Жүрөгүмдүн картын сыйрып жүдөттүң.
Жүдөттүң да карааныңды ойнотуп,
Конгон талдан канат кагып «дыр» эттиң.

## Сүйүү толгон убакыт

Берекемсиң, мага ыктап турганың ай,
Түндү жарып ай шооласы тийгени ай.
Жымыңдашып жылдыздар көктөн карайт,
Сүйүү толгон убакыттын жылганы ай.

Көкүрөгүң, башым жөлөп турганым ай,
Ошондогу жүрөгүңдүн урганы ай.
Манжаларың салаалашса саамайыма,
Билегиңде саат жебесин урганы ай.

Эриниңдин эриниме тийгени ай,
Илебиңдин жанга жагым күйгөнү ай.
Тилеп турам турушубуз бузулбашын,
Ушундайда, убакыттын жылганы ай.

## Соңку кездешүү

Кездештик, ай айланып, жылдар толуп,
Сен ата, мен балдарга эне болуп.
Каректер карыбаптыр, карыбаптыр,
Сүйүүнү каткан өңдүү сырттан коруп.

Буралган кара чачтар бубак болуп,
Жүздөргө басып өткөн іздер толуп.
Каректер жылуу тиктейт бири-бирин,
Көздөрдүн кычыгына жаштар конуп.

Тиктештик чар тарапты унут коюп,
Жүргөнсүп дагы эле кыз-жигит болуп.
Карыбаган сезимдер кытыгылайт,
Карылыктан сүйүүнү бийик коюп.

## Жашоо башаты

Жууркaны жаш түгөйлөрдүн,
Ороп алган убайларын.
Кош жаздыгы жанашпаган,
Кол кармашкан жубайлардын.

Кызганычтын кышын кынап,
Кош ак кууну турмуш сынап.
Бири-бирин ичтен аяйт,
Текебердик сырттан кылат.

Ай шооласы жарык берет,
Терезени жарып келет.
Кабак салган бул жигиттин,
Суз жүзүнөн аймап өбөт.

Алаканга башын жөлөп,
Сулуу келин жашын төгөт.
Ичтен сызат тагдырына,
Кызганычы жолун бөгөп.

Дубалда саат жүрүш какты,
Ачуу уруш эшик жапты.
Коюнуна жупту алып,
Аппак жууркан көшүп жатты.

Күйөө-зайып тетир карайт,
Таарынычы качан тарайт.
Анткен менен элдешүүгө,
Далылары деле жарайт.

## Кечикккен махабат

Сүйүп келдиң, бир кайрылып карабадым,
Чачың сылап эркелетип тарабадым.
Ысык сезим мага сунуп имерилип,
Турсаң дагы жылмайганга жарабадым.

Күтүп жүрдүң борон-чапкын ызгаарда да,
Үшүп жүрөк, сөздөрүмө сыздаарда да.
Кара көздөр жалдырады үмүт менен,
Махабатың каны токтоп муздаарда да.

Дагы келдиң, бүгүн сени кет дебедим,
Жолум тоскон кылыгыңды кектебедим.
Күнөөлөбөйм махабаттын кулу болдуң,
Ук кебимди, ушул менин кет дегеним.

Жолдошум бар кара тору кыргыз жигит,
Сүйүү, сезим ал адамга калган жибип.
Мен тууруна кушу болуп келип конгом,
Ак жоолукчан келин болуп, башым ийип.

## Сүйгөнүм бар

Белек бердиң албаймын кыйнабагын,
Жүрөктү өрттөп, сүйөм деп ыйлабагын.
Турмуш шары жолдорду бөлүп кеткен,
Үйдө күткөн жубайың сыйлап алгын.

Жан дүйнөмдү сүйөм деп өрттөбөгүн,
Сүйүүнө эмес намыска өрттөнөмүн.
Сен жигитсиң, сезимде кайраттуу бол,
Кайраты бар күндөрдү өткөрөмүн.

Жарыңа бер бакыттан белек жасап,
Койнуңда жатып алып тартат азап.
Келбе мага, келбегин, сүйгөнүм бар,
Күтөт сени жубайың сен деп жашап.

## Сүйүү чөйчөгү

Сүйүүм турат чөйчөгүндө төгүлбөй,
Ал чөйчөктүн ээси келет көрүнбөй.
Карааныңды эчен жолу издедим,
Көрүнбөйсүң көпчүлүктөн бөлүнбөй.

Чөйчөк мелт-калт, сүйүү толо чайпалат,
Анын ээси келбечүдөй байкалат.
Карек кургур караан издейт утуру,
Арзуу күүсү өз ыргагын кайталап.

Чөйчөгүмдү мерез алып тутпасын,
Ичиндеги ак сүйүүмдү жутпасын,
Чын дилимден тилеп келем Теңирден,
Сүйүү балын татыксыздар сузбасын.

## Биз жана түн

Түндү күбө кылып көп сыр бөлүштүк,
Эрке желге мажүрүм тал ырдады.
Моюнуңа билек ороп, өбүштүк,
Жан биргем ай, илебиңдин ыргагы.

Жымыңдашып жылдыздар көз кысышат,
Сырдашабыз мажүрүм тал түбүнөн.
Сүйүү айтып кометалар учушат,
Жыттап турдум сунган сирень гүлүнөн.

Шибер жыттуу жаздын жыпар шамалы,
Эркелетип көйнөгүмдү күбүгөн.
Нурдансын деп кыз-жигиттин жамалы,
Шоола чачып Ай да чыкты үйүнөн.

## Үзүлгөн үмүт

Белгиленбей жолугуунун болжолу,
Алаканга салдым арзуу күкүмүн.
Үмүтүмдү жалгыз ысым ойдогу
Талкалады, таппай калдым бүтүнүн.

Колум жетпей сунсам сезим белегин,
Үзүп үмүт, түшүп калды байрагым.
Тилей бердим Теңир кайрып берээрин,
Кадырыңды кеч түшүндүм, кайраным.

Жолуң карап күткөн күнгө нур чачсам,
Караанындын калтырбадың үзүмүн.
Сени күтүп апапакай гүл ачсам,
Сен үзбөдүң, башка колго үзүлдүм.

## Качпагын

Денеңе ыктап боюмду,
Кучагың менен жылындым.
Илебиң искейт мойнумду,
Жакамды тартып кымырдым.

Аптыгып, мырзам, тоорудуң,
Ашыкпа келет ал убак.
Апакең аппак жоолугун,
Башыма салсын аруулап.

Тоюңа журтуң жыйылсын,
Колуңа куштай коноюн.
Ак нике таза кыйылсын,
Арзыган жарың болоюн.

Шашпагын, мырзам, шашпагын,
Шайтандын изин баспагын.
Кылымдар баскан кыргыздын,
Каадасын сыйла, качпагын.

## Жамгыр берген сезимдер

Колдоруңдун тийген жери от болуп,
Жаз жамгыры жаак ылдый шоктонуп.
Экөөбүздү кыналышсын дедиби,
Нөшөр төгөт тынымы жок октолуп.

Сүйүү сапты жазып алып көзүңө,
Бакыт кушун байлап алдың өзүңө.
Тамчылардын сыйкырынан алдыңбы,
Ысып барам айткан ар бир сөзүңө.

Ийиниме жаап койгон күрмөңдүн,
Суусу сиңип денемди жууйт, ийимендим.
"Татынам" - деп, "таалайым" - деп жалооруп,
Саамай сылап, кучагыңды жибердиң.

Нөшөр куят тамчылары жарышып,
Эмгектешип көк шиберди багышып.
Шыбыртташып сырыбызды бөлүшүп,
Сезимде ойнойт, жаак ылдый агышып.

## Тааныш дабыш

Дабыш, дабыш, тааныш дабыш,
Катарлаш басып жаныма.
Илеби да жылуу тааныш,
Издеген элем сагына.

Сурмалуу көз тиктейт сырдуу,
Карегим көрүп тааныды.
Жан дүйнөң бар табышмактуу,
Өзгөрбөй турат, таанылуу.

Жүрөгүмө сөзүң өргүйт,
Искедиң саамай акырын.
Жагымдуу жыт, мурун өрдөйт
Баягы тааныш атырың.

Алмаштырып күндү айга,
Күнөөмө кайсыл таарындың.
Кай үмүттө, жүрдүң кайда,
Кимдерге дагы таанылдың.

## Ыйлаба, дарак

Ыйлабай, дарак, бийлетчи бутак тарамын,
Ыргалсын барик сүйдүрүп желге жамалын.
Ыйлагың келсе ордуңа эгер ыйлайын,
Анткени менден сүйгөнүм үзгөн карaaнын.

Көз жашың аарчып, бүчүрүң байлап бүрдөгүн,
Бүрдөгүн бүрдө, баригиң менен гүлдөгүн.
Гүлдөгөн маалда ак мырзам келип калчу эле,
Ак жолтой эле гүлдөрүң, сенин гүлдөрүң.

Ыйлаба, дарак, суранам сенден басылчы,
Жалгыздап турган селкимин, жаандан жашырчы.
Түрүлүп келип булуттар тынбай төгөт жаш,
Койнуңа катып, кусаны менден качырчы.

## Жаз илеби

Кабак түйөт аба ырайы, ирeңи.
Кыш ызгаары коштошо албай жүрөбү.
Ичиркентет, кайрат жыйдым баш бербей.
Ал кайратты берди жаздын илеби.

Кечки бульвар, жазым айтат саламын,
Сейилдеймин жай шилтенет кадамым.
Сыр алдырбай колтукташып алыптыр,
Сүйүүм эмес, жалгыз деген адамым.

Жалгыздыгым түк жанымдан жылбады,
Катар басты, кусалыгым ырбады.
Жаз илеби чуркатыптыр шамалын,
Мына ошондо келди сүйүү ыргагы.

## Жек көрөм

Кезиктирбей кайчы жолдон өткөргөн,
Ошол күндү, ошол күндү көрөм жек.
Арзуубузга тигип койгон ак өргөм,
Эми ачылбайт, бөлөк жанга оозу бек.

Арман жааны ак өргөмдү чайдыңар,
Тамчылары үзүгүнөн тамбачы.
Кылым күтсөм тагдырлашым кайрылаар,
Кайран сезим кайратынан жанбачы.

Билбейм дагы канча күндү жек көрөм,
Өмүрлөшүм кай тарапта белгисиз.
Ак өргөдө жалгыз жашоо өткөрөм,
Күтүү ыры коштоп жүрөт эргүүсүз.

## Ант

Жамгыр аздап жууду бактын шактарын,
Жан дүйнөмдү жууй албай убара.
Аралаймын айыл алма бактарын,
Тагдыр сынайт, мейли шүгүр буга да.

Жамгыр жашы суранамын таарынба,
Жан дүйнөмдүн мейли кири жуулбасын.
Сен киринткен гүлдөр ачса шагында,
Көргүн анан, ал дүйнөмдүн жуунбасын.

Кетти арзуум башка селки жетелеп,
Ачуулуктан жүрөк соккон алкына.
Жалгыздыкка таштабаймын жекелеп,
-Деп жаагансың, турдуң ошол антыңа.
Жамгыр төгүп, турду бекем антына...

## Кайрылба

Кайтып келдиң неге кайра каш кагып,
Күтүп сени жазым карып күз болгон,
Убагында үшкүрүгүм таш жарып,
Жаштык сезим күтүү менен суз болгон.

Далай түндөр көз жаш менен өрүлүп,
Сезим калган бир жамаачы эптеген.
Арзуу балы арман болуп төгүлүп,
Күндөр калган бир өзүңдү кектеген.

Сүйүү үйүн булгабагын баш багып,
Өзүң күбө сен берген гүл куураган,
Көчөсүндө майрам жаңы башталып,
Сезим ырдап, күлкү-шаңда дуулдаган.

## Кордобо

Мейли сүйгүн жат адамды жандагын,
Жыттап жытын башка гүлдү кармагын.
Арзуум сага аппак таза, наз эле,
Капа кылды, аны булгап салганың.

Кеттиң алыс башка селки жар кылып,
Келбейм дедиң, болду сага кайрылып.
Бактылуу бол, сага кайтпайм мен дагы,
Бергим келбейт махабатты кор кылып.

Кетсең кеткин, алганыңды жетеле,
Аял затын кор кылбагын өтө эле.
Сен эркексиң, эне тууган сени да,
Тагдыр деген таразалайт өзү эле.

## Неге?

Керегени кере тартып үй курап,
Уугун сайып, түндүк тиреп тартпадык.
Түтүн булап, бүлөө болуп бир турак,
Кош жаздыкты катар жаздап жатпадык.

Кыналышып көрүнбөй жат көзүнө,
Айлуу түндөр далай өттү уйкусуз.
Каршы чыкпай ата-эне сөзүнө,
Биз байландык башкаларга кулпусуз.

Ышкын терип адыр бойлой жарышып,
Атыр жыттуу тоо гүлдөрүн жыттадык.
Анан неге, арзуу үчүн алышып,
Кур намысты сүйүү менен утпадык.

Тетир карап, жашты төгүп жаздыка,
Жарыбызга эчен жаман көрүндүк.
Ант бергенбиз сүйүүдөгү актыкка,
Бирок неге, биз экиге бөлүндүк.

## Өзүмсүң

Кызганычтан кылдың мени күнөөлүү,
А көркөчө бир сөз айтчы жүйөөлүү.
Жеңил ойлоп алдырбаган ачууга,
Болгум келди, болгум келет күйөөлүү.

Өмүрлөшүм, тийген күнүм, асманым,
Сен жок кезде аял эмес башкамын.
Жалгыздыкта тээ бийикте тунжурап,
Жылуулук жок, тоңуп турган аскамын.

Бейпил түнүм, жакшы түшүм өзүңсүң,
Каш-кирпигим, карап турган көзүмсүң.
Дүк-дүк согуп уруп турган дабышы,
Жүрөгүмсүң, керек болсо өзүмсүң.

## Каректерим сүрөткер

Көңүл салып карегиңе мүнөтчө,
Карегиме тартып алдым сүрөткө.
Мүнөзүңдү кошо тарттым жайнаган,
Өчүрбөймүн канча күн, ай, жыл өтсө.

Сүйүү эксем, сезимиңе гүл өссө,
Өмүр жолум сени менен бир өтсө,
Жандап дайым жүрөөр беле карааның,
Калып калбай каректеги сүрөттө.

Кубалашкан күндөр күлүп, жыл өтсө,
Карылыктын жүзү келип бир өпсө.
Карыбастан жигит бойдон каласың,
Карегиме катып койгон сүрөттө.

## Кечир

Эркелебей ак сүйүүңө, өзүңө,
Санаа суусун себип алдым жүзүңө.
Жарыгым ай, жаңылыштык кетирип,
Төгүлбөдүм мөмө болуп күзүңө.

Ачылбадым жаз күнүңө гүл болуп,
Шак-бутагың бүрдөбөдү бүр толуп.
Кантемин ай, жазыгымды кечирчи,
Кечирилгис болсо дагы бул жорук.

Жылуулукту бере албадым күнүңдөй,
Жылдызыңды жандырбадым түнүңдөй.
Аяп мени акыркы ирет кечиргин,
Сүйүүбүздүн шагы калды күбүлбөй.

Карааныңды карай албай эзилдим,
Конушуңа конбой туруп кесилдим.
Курган жүрөк сокпогондой туюлат,
Кучагыңда оролбодум, кечиргин.

Асманында болбодум ак булутуң,
Арман калды айыкпаган бул үчүн.
Берекем ай, чындап сүйсөң кечиргин,
Кечирим бер, жок дегенде бир үзүм.

## Тилек

Асмандын не көңүлү суз тунарып,
Суук өткөнбү, өңү кантет кубарып.
Күн күркүрөйт, бозго оронуп айлана,
Чыйрыккандай, жатканы го суналып.

Күн таарынып кеткен окшойт көрүнбөйт,
Көйнөгүнөн сары нуру бөлүнбөйт.
Ким бирөөнүн ачуу сөзү тийгенби,
Алтын чачы жерге тийип төгүлбөйт.

Апам тыткан аппак жүндөй чубалып,
Тоодон тоого оролушуп кубанып.
Кайда кеткен түрмөктөлгөн ак булут,
Карегиме бийлеп бербей буралып.

Кир булутту аппапагы качырса,
Көк асманым оорубаса, ачылса.
Алтын күндүн жибек нурлуу чачтарын,
Тоо кырлары тарап берет чачылса.

## Болду токтот

Токтот жүрөк, токтоткун күткөнүңдү,
Санаадан өзүңдү эзип бүткөнүңдү.
Ууч толгон денең деле сезсе керек,
Ыза ыйын жең менен сүрткөнүмдү.

Токтот, түш жышааны оң киргениңди,
Болду эсим, эстебе билгениңди.
Акылым көрүп, билип, туюп турат,
Сүйүүгө эшигимди илгенимди.

Токтот карек, караанын караганды,
Бүтүр манжа күтүүнү санаганды.
Эриним, шыбыр айтып кеп кылбагын,
Болду токтот, кыялым самаганды...

## Сенин уйкуң сырдашым

Куш уйкуну салып жатат жамалың,
Ашыктыктын айтпай мага кабарын.
Уйкудасың, ууртуңда жылмаюу,
Таң атканча келе берет карагым.

Түндүгү бар үй-бүлөбүз чырагым,
Уугу болуп бийик кылгын турагын.
Бирок, билгин керегемин тиреген,
Мен болбосом кайдан бийик тураарың.

Бактым үчүн ашуу чыкса ашамын,
Өмүрлөшүм келбейт сенсиз жашагым.
Ырларыма тамырыман байланам,
Каршы болдуң, тартып жүрөм азабын.

## Тамчы жаштар

Булут келип боорун толгоп кучактап,
Күн ыйлады токтобостон бышактап.
Жер сооротуп аарчыйт анын көз жашын,
Көк шиберлер шыбырашат ушактап.

Тамчы жаштар кол чатырда сойлошуп,
Тентек кылып шатырашып ойношуп.
Арасынан ашынганы, тентеги,
Көйнөгүмө сиңип, коюн жойлошуп.

Каткырышып жолдо чөптө жарышты,
Жетелешип жөөктү жасап агышты.
Абаны да айлананы киринтип,
Жан дүйнөмдүн чаңын сүртүп салышты.

## Ушул сенин кыялың

Эркелетсең асманда ак булутсуң,
Өткүрлүгүң тоонун суусу, тунуксуң.
Бир таарыныч жарып өтсө ортону,
Муз тоңдуруп, акпай токтоп тунупсуң.

Кыз кылыгым салып ойду эбинен,
Сөздүн кирин күбүп айтып кебимен.
Тоңгон музду эркелетип жылыттым,
Анан, араң тоңгон кыял эриген.

Карап турсам, кээде суусуң кайнаган,
Кем болбойсуң бирде ташкан дайрадан.
Кай бир кезде жылжып агып каласың,
Талаадагы сугат суудай жайнаган.

Буу болосуң алып учуп кыялың,
Кыял ээрчип жакшы үмүт жыямын.
Анан эле, туман түшүп бозоруп,
Боло калдың бурганагы кыянын.

Кантемин ай, ушу сенин кыялың,
Кыялыңды кантип эми тыямын.
Бир өзүң деп согот жүрөк кагышы,
Аргасыздан башым ийип турамын.

## Акын кыздар

Акын кыздар ыр төрөйбүз жан берип,
Ыр ыйласа кошо ыйлайбыз жан кейип.
Өмүр жолбу, махабатпы, сезимби,
Ыр сабынан таап алгын таң берип.

Ыр-дүйнөбүз калган татаал түзүлүп,
Өмүрлүк жар күтсүн бизди түшүнүп.
Кабак чытып, сунбай койсо кош колун,
Жан дүйнөдө гүлдөр калат үзүлүп.

Акын кыздар ак бешикти терметсин,
Эне болуп далай эмгек, тер кетсин.
Ымыркай ыр ыйлап жолдо калбасын,
Тилейличи ырларыбыз эр жетсин.

## Үмүт

Ооруп жатты үзүлбөгөн үмүтүм,
Суудан ууртайт, муундары калтырап.
Алсыратты жандап алып күйүтүм,
Сүйүүм болсо: "өлбөгүн"- дейт чыркырап.

Издеп жатты даба болоор дарыны,
Ошол дары коңур үнүң, карегиң.
Тулку боюм өрттөйт күтүү жалыны,
Кирип келип билдирчи бир дарегиң.

Чыгыштан күн жайлап таштап кадамын,
Кеч киргизип батыш тоого жашынат.
Үмүт куруп салаалайт күн санагын,
Сагынычын сыр алдырбай жашырат.

Мезгил учту сен кайрылып келбедиң,
Жууркан чулгап алсыз үмүт төшөктө.
Сүйүүңдү сен дары кылып бербедиң,
Күйүп турду бир өкүнүч өзөктө.

Үзүлдү үмүт баш көтөрбөй жаздыктан,
Карегинен тамып туруп тамчы ысык.
Өлдү шордуу, сүйүү суусу аздыктан,
Оо дүйнөгө учуп кетти ал сызып.
Оо дүйнөгө учуп кетти жан сызып.

## Эриндеги махабат

Түн ойгонду, келди арзып табышканым,
Кеч киргенче күтүү менен алышканым.
Бүгүн сени алып кетем дейт шыбырың,
Билбептирмин эриниңдин табышмагын.

Айланага ай нурларын тегиз төгүп,
Жетелешсек кубанычын берди бөлүп.
Кырдач мурун саамайымды искеп, анан,
Ысык эрин эринимден койду өбүп.

Зор махабат алоолонтуп отун калап,
Кош жүрөктү бүт эритип чогун салат.
Бөрсөйүнкү назик кызыл эриндерим,
Табы таттуу эриниңди турду самап.

Алоолонуп эриндериң турду күйүп,
Илебиңди илебим да турду сүйүп.
Жүрөгүңдүн дүкүлдөгөн дабыштарын,
Жүрөгүмө ороп катып, койдум түйүп.

## Таарынам

Жашоо нугу аяр назик багынам,
Жүрөгүмдө жүргөн сени сагынам.
Ачык мүнөз шайдоот шайыр жүрбөгөн,
Уяң жигит экениңе таарынам.

Сөзү сараң турушуңа кабылам,
Улутунган убакытты жамынам.
Билектериң белден тартып имербейт,
Байлангандай абалыңа таарынам.

Кыялымда моюнуңа тагылам,
Кыз намысым кармайт ушул жагынан.
Бозой-селки орунубуз алмашып,
Калбаганга тагдырыма таарынам.

Карап сени дайым жакшы жагынан,
Алоолонгон махабатта жагылам.
Сени жигит, мени селки жараткан,
Теңириме чындап кээде таарынам.

## Бир жигитке

Бакытымдын босогосун аттабадың,
Изимди кууп айылыма каттабадың.
Жүрөгүңө арзуу ийнесин тепчип койсом,
Учук улап үзүктөрүн саптабадың.

Дилим издейт карааныңды далай жерден,
Селкилердин жүрөгүнөн, ашуу белден.
Санааларым саман сымал сапырылып,
Сагынычты айттырдым мен салкын желден.

Желпип жеткен желден кабар алдың бекен,
Жүрөгүңдү махабатка малдың бекен.
Же, күндөгү тирилике жуурулушуп,
Жол караган айымыңды чандың бекен.

## Асырап алчы, асылым

Аптабы жайдын, тирилик аздап уланат,
Таң эчак аткан, күн нурун чачып кубанат.
Терезе бурчта жөргөмүш тарткан желеде,
Ызылдап чымын бирөөдөн жардам суранат.

Жөргөмүш таңып чымындын учаар канатын,
Ажалга салат карматып күнкү адатын.
Дарманы кетип, байлоодо чымын ызылдайт,
Тилинде сайрап суранган сымал азатын.

Жөргөмүш чымын жашоонун жасайт агымын,
Сүйүүдөн желе тартыпсың мага, жарыгым.
Жайылган торуң сезимди серпип кармады,
Сүйгөнүм үчүн желеге түшкөн айыбым.

Апаппак сүйүүм турмушта болсун азыгың,
Сүйдүрүп алдың сезимде жашап, ашыгым.
Чымындай жанды соолута көрбө желенде,
Чырылдап турам, асырап алчы, асылым.

## Сүйүүнүн жүгү

Ашыгымдан сүйүү укса кулагым,
Элпек ташып акылыма алпарат.
Сүйүү сөзү башымдан таап турагын,
Анан, анан жүрөгүмдү аңтарат.

Дүк-дүк басып жүрөгүмдүн кадамы,
Сөздөрүңдү таразалап убара.
Шыбырыңдын болсо сыйкыр кабары,
Турпатыма тарап сиңет кубана.

Ысык каным салып жорго жүрүштү,
Сүйүү сөзүн жүрөгүмө айтышат.
Жооп кылып берген жылуу сезимди,
Жүктөп алып денеме бүт кайтышат.

Ошол жүктөр тарап бардык дубанга,
Колго, бутка, манжаларга жетишет.
Кашка, көзгө, эриндерге, ыраңга,
Илебиме дагы таштап кетишет.

Аппак жүзүм ошон үчүн албырып,
Кыналыша кучагыңды бойлодум.
Ыйбаа кылам көп сүйлөөдөн айбыгып,
Ысык сүйүү күчүбү -дейт- болжолум.

Карегим да катып жүргөн жылдызын,
Жымыңдатып карегиңди чакырат.
Кыз кылыгым айтпагын дейт тымызын,
А жүрөгүм: “Сүйөмүн!” – деп бакырат.

Айтайынчы сени сүйөм чырагым,
Турпатыңда улуу сезим ойгонсун.
Шыбырайын жакын тосчу кулагың,
Дененде бүт арзуу сөзү ойносун.

## Болду күтпөйм

Сүйүүмдүн туткунунан алыс качып,
Арзууңа башка сүйүү ырын катып.
Жүргөнсүң карек менен алдап мени,
Белчеден күтүү сазга калгам батып.

Сүйүүдө тегиз тийбей биздин жарык,
Сезимим күтүп сени болгон карып.
Жан дүйнөм чыдабастан жалганыңа,
Ыйлагам буулуккан үн аба жарып.

Жан дүйнөмдү ыйлаба дегем жандап,
Сүйүүнүн сокурлугун анан каргап.
Намысым кара саздан сууруп алган,
Карегим кайрат жыйган кабак бардап.

Мезгил учту, дүйнөмө дабыш ктын,
Дедиң мага издедим, араң таптым.
Карегинди, сөзүңдү жерип туруп,
Жеңил ойлуу сүйүүңдү ташка чаптым.

## Күздөгү жүрөк

Күүлдөгөн күз мезгили, көктөм эмес,
Көздөрүм сүрөттөрдөн издейт элес.
Таап алып тытат анда өчү бардай,
Жүрөгүм бүгүн ташбоор, бүгүн мерез.

Айрылган элестерди тиктеп алам,
Сезимди тарыхына кайрып барам.
Күздөгү жерде калган жалбыракмын.
Жүрөктүн кадамында онтойт санаам.

Күз кечи, бүгүнкү күн батып барат.
Ой оройт, сагынычым буттан чалат.
Терезе түбүндөгү терек менен,
Каректе жалгыз элес жашап калат.

## Сүйүүдөгү белгилер

Жүрөгүмө илинип суроо белги,
Жүдөттүрүп жүдөө ой кайдан келди.
Азгырылып кетипсиң, ардагым эх,
Азап эшкен арканга байлап белди.

Шыбырасам тизилип үтүр, чекит.
Санаа чымчыйт сезимди түртүп, зекип,
Чындык издеп күйгөндөй алаңдаган,
Каректерим жаш жутту эси кетип.

Балким мен да башкага ыйыктырмын,
Бөлөк көчөт сүйүүгө кыйыштырдым.
Тизилишкен шурудай үч чекитти,
Койбостон илеп коюп! Жыйыштырдым.

## Көз ирмем

Араздаштык бүт дүйнөбүз тунарып,
Пенделиктин азабына чыланып.
Каректерден сүйүү нуру төгүлбөй,
Келечекти каптап болбоз мунарык.

Канча ирет ырыскыбыз чачылды.
Жара бүтпөй, ириң тээп ачылды,
Эриндерден сөздөр чыгып булганып,
Сүйүүбүздүн тыбыштарын качырды.

Кетээрмин мен бүтсө чыдам түнөктөн,
Жалп өчөмүн сүйүүңдөн да жүрөктөн.
Бирок тагдыр тарых жазган баракка,
Таштап коер көз ирмемди бир өткөн.

## Сураныч

Өчөгүшүп жүрөктөгү кеселге,
Сүйбөсөм да сүйөм депмин бекерге.
Жан дүйнөңдүн жашоо нугун бүлдүргөн,
Айыбыма башым саям кесээрге.

Кес башымды, убалыңа калбайын,
Жалгандыктын уусун жутуп ар дайым.
Кала электе өз сүйүүңдү өрттөп сал,
Суранамын сурабачы ал жайын.

Жүрөгүмдү жүрөгүңө кошпогун,
Тун сүйүүмдү күтүп күйгөн оттомун.
Талкаланат жүз көзөлүп тагдырың,
Дүрмөттөлгөн мылтыктагы октомун.

Кыркып ташта өнүп калган талымды,
Карегиме төккүн чындап каарыңды.
Жүрөгүң от сууну сээп өчүргүн,
Кеткин анан кесел кылбай жаныңды.

## Мен чыгайын

Саймалап кар бүртүгү жаппай изди,
Аязы каарданбайт, чымчып жүздү.
Сезимдин очогунда бороон улуп,
Ушул кыш бузуп кетти үйүбүздү.

Күндөрдү ала шалбырт кучактады,
Кар жеңин кийбей дарак бутактары.
Аязы аймап бетти өппөй турат,
Аягымды ылайы тушап дагы.

Суу өтүп көңүлүмө, таманыма,
Тилек тилеп түгөйүм аманына.
Карааның издейм өткөн-кеткендерден,
Санаамды салбай ойдун жаманына.

Суранам, кетпечи, кыш, мен чыдайын,
Аппак кар кооздочу жер чырайын.
Ызгаарың түгөйүмдү алып келээр,
Келсеңер үйдөн жаркып мен чыгайын.

## Күтүү ыр

Санаадан сары тонду тигип алып,
Эртели-кеч жонума илип алып.
Ыр чыйырын кадамдап кыбыраймын,
Шооласы жолдош болоор билик алып.

Ырларымдын сабынан түнөк алып,
Барактарды жамынып түнөп алып.
Агарса таң жашоого аттанамын,
Калемимди кайракка бүлөп алып.

Ыр дептерди барактап ачып алып,
Сагыныч сөздөрүмдү казып алып.
Жүрөгүм сайгылашып сыздап турат,
Күтүүдө төрт сап ырды жазып алып.

Жан дүйнөмдөн күтүү ыр чыгат келип,
Көңүлүм мындай ырды турат жерип.
Кудайдын тузун уурдап алгамымбы,
Күтүү ыр эринимди урат керип...

## Селкидеги кек

Бозоруп асманымдын күнү качып,
Боорумда ачуу чындык үнүн ачып.
Боолголоп туюп турдум кеткениңди,
Боз шамал тийип өттү топо чачып.

Сезимди сенин арзууң канатабы.
Селейдим, денемди муз жаратабы.

Селки элем аалам толгон бакыты бар,
Сүйүүдө, жүрөк өлүп баратабы,

Көөдөнүм арман ыйын турду төгүп,
Көңүлүм кир дүйнөдө калды чөгүп.
Көздөрүм көрбөсүнчү көздөрүңдү,
Көмүрдөй ниетиңден турдум өлүп.

Тагдырга тагдырымды табыштадым,
Табылаар бир өмүрлөш даанышманым.
Таалайлуу кең бакыттын ээси болом,
Табамын бул жоготуу табышмагын.

## МАЗМУНУ


Мончок ыр .......... 3
Ырларыма .......... 3
Ат-Башы .......... 4
Тенирге кайрылуу .......... 6
Өмүрлөшкө .......... 6
Беш манжа .......... 7
Ала-Тоодон бир ирмем .......... 8
Соолуган гүлдөр .......... 8
Келиндин арманы .......... 9
Айдагы кызга .......... 9
Сагыныч .......... 11
Сыр каткан дептер .......... 11
Жаңы жыл .......... 12
Мекеним .......... 12
Ат-Башым .......... 13
Ашыккан кыялдар .......... 13
Тамчы .......... 14
Кайрылуу .......... 14
Ыр дүйнө .......... 15
Чач өрүү салты .......... 15
Айдоочуга арзуу .......... 16
Жүрөгүм .......... 16
Жетимдеги сагыныч .......... 17
Калган көңүл .......... 18
Таттыбүбү .......... 18
Күндөр .......... 19
Конокмун .......... 20
Төрт бир тууган .......... 20
Боз чымчык .......... 21
Сүйүү толгон убакыт .......... 22
Соңку кездешү .......... 22
Жашоо башаты .......... 23
Кечиккен махабат .......... 23
Сүйгөнүм бар .......... 24

Сүйүү чөйчөгү........................................................ 24
Биз жана түн........................................................ 25
Үзүлгөн үмүт........................................................ 25
Качпагын........................................................ 26
Жамгыр берген сезимдер........................................................ 26
Тааныш дабыш........................................................ 27
Ыйлаба, дарак........................................................ 28
Жаз илеби........................................................ 28
Жек көрөм........................................................ 29
Ант........................................................ 29
Кайрылба........................................................ 30
Кордобо........................................................ 30
Неге?........................................................ 31
Өзүмсүң........................................................ 31
Каректерим сүрөткер........................................................ 32
Кечир........................................................ 32
Тилек........................................................ 33
Болду токтот........................................................ 33
Сенин уйкуң сырдашым........................................................ 34
Тамчы жаштар........................................................ 34
Ушул сенин кыялың........................................................ 35
Акын кыздар........................................................ 35
Үмүт........................................................ 36
Эриндеги махабат........................................................ 37
Таарынам........................................................ 37
Бир жигитке........................................................ 38
Асырап алчы, асылым........................................................ 38
Сүйүүнүн жүгү........................................................ 39
Болду күтпөйм........................................................ 40
Күздөгү жүрөк........................................................ 40
Сүйүүдөгү белгилер........................................................ 41
Көз ирмем........................................................ 41
Сураныч........................................................ 42
Мен чыгайын........................................................ 42
Күтүү ыр........................................................ 43
Селкидеги кек........................................................ 43

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент)
Материалдарды даярдоо бөлүмүндө басмага даярдалып, Полиграфия
бөлүмүндө басылып чыкты.